КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
НАРЫН ОБЛУСУ
ЖУМГАЛ РАЙОНУ
КУЙРУЧУК-КЫЗАРТ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КУЙРУЧУК-КЫЗАРТСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышынын
III-кезектеги сессиясынын
Токтому №4/2

2025-жылдын 27-марты

Жаңы-Арык айылы

**Куйручук-Кызарт айыл аймагында жазгы айдап себүүгө катышуучу айыл-чарба техникаларынын тарифтерин, мал багуунун акысын бекитүү жана корук уюштуруунун мөөнөттөрүн белгилөө жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Куйручук-Кызарт айыл аймагынын тургундары менен өткөрүлгөн жыйындардын протоколунун негизинде Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Э.Жусуповдун сунушун карап жана маалыматын угуп жана айылдык кеңештин депутаттарынын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап, Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңеши, токтом кылат:

1. Куйручук-Кызарт айыл аймагында жазгы айдап себүүгө катышуучу айыл-чарба техникаларынын тарифтери, мал багуунун акысы жана корук уюштуруу мөөнөттөрү төмөндөгүдөй белгиленсин жана бекитилсин:

*1) 1 га жер аянты үчүн:*
- Жер айдоо —1800 сом, 25 литр май, эгер дың жер бузса 30 литр май
- Малалоо — 800 сом, 10 литр май
- Себүү — 800 сом, 10 литр май
- Шак тартуу — 300 сом, 5 литр май
- Чөп чабуу — 1600 сом, 10 литр май
- Чөп престөө (1 түк чөп) — 10 сом, гектарына 10 литр май
- Эгин чабуу — 1800 сом, 25 литр май

*2) Мал багуунун акысы*
- Бодо малга — 500 сом
- Кой-эчки — 100 сом

*Эскертүү:* Ар бир мал ээси жайыт акысын өздөрү төгүшөт жана жайыт акысы төгүлгөндөн кийин бадага кошуусу керек.

*3) Корук уюштуруу:*
Корук Куйручук-Кызарт айыл аймагында 2025-жылдын 20-апрелинде башталат. Күзүндө оруп-жыйноо өнөктүгү толук аяктаганга чейин же 1-октябрь 2025-жылга чейин жүргүзүлөт.

*4) Көчүү-конуунун убактысы:*
2025-жылдын 20-апрелине чейин ички жайыттарга, ал эми сырткы жайыттарга 2025-жылдын 15-июнуна чейин толук көчүп бүтүшү керек. Жайлоодон 1-октябрь 2025-жылга чейин көчүп келбеши керек.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Э.Жусуповго милдеттендирилсин.

Төрага: Уланбек уулу Жыргалбек